УДК:398.5(575.2)(04)

DOI: 10.35254/bhu.2019.47.9

Ж. Өмүралиева
КР УИАнын илимий кызматкери

«МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ТУЛПАРЛАРДЫН ОБРАЗДАРЫНА КАРАТА ЖИКТЕЛИШИ ЖАНА АЛАРДЫН КӨРКӨМ ФУНКЦИЯСЫ
(С.Орозбаков, М.Мусулманкулов, Б.Сазанов жана Ш.Рысмендеевдердин варианттарынын негизинде)

РАСПРЕДЕЛЕНИЕ В СООТВЕТСТВИИ С ОБРАЗАМИ БОЕВЫХ КОНЕЙ В ЭПОСЕ “МАНАС” И ИХ ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ФУНКЦИЯ
(на основе вариантов С.Орозбакова, М.Мусулманкулова, Б.Сазанова и Ш.Рысмендеева)

CLASSIFICATION OF WAR HORSES IN THE EPIC “MANAS” IN ACCORDANCE WITH THEIR IMAGES AND THEIR ARTISTIC FUNCTION
(based on versions by S. Orozbakov, M. Musulmankulov, B. Sazanov and Sh. Rysmendeev)

Аннотация: *Жалпы эле ат жалында казан аскан көчмөн элдердин фольклордук чыгармаларында негизги каармандын чыныгы баатыр деген атак-даӊкка конуп, элдин үмүт-тилегин актап, жалпы элдик идеяны жүзөгө ашырыш үчүн баатырдын эӊ негизги эки нерсеге ээ болушу шарт. Алар: баатыр-каармандын өзүнө ылайык минген аты жана согуштук курал-жарагы. Биздин максат дагы бир жолу аттын көчмөн-баатырдык доордогу ордун баса белгилөө жана «Манас» эпосунун төрт вариантындагы жалпы тулпарларга илимий талдоо жүргүзүү. Тактап айтканда, тулпарлардын санын тактоо, жиктештирүү жана варианттардагы айрым өзгөчөлүктөргө анализ жасоо болуп саналат. Сагынбай Орозбаковдун варианты- СОВ, Молдобасан Мусулманкуловдун варианты- ММВ, Багыш Сазановдун варианты -БСВ, Шапак Рысмендеевдин варианты- ШРВ деп кыскартылып берилди.*

Түйүндүү сөздөр: *аттар, тулпарлар, күлүктөр, баатырлар, аргымак, жылкы.*

Аннотация: *В фольклорных произведениях кочевого народа, который ел и пил не слезая с лошади, для того, чтобы основной герой приобрел славу как настоящий батыр и оправдал чаяния народа, осуществляя народную идею, ему необходимо было владеть двумя основными вещами. Это его конь, соответствующий самому герою – батыру и боевое оружие. Нашей целью является еще раз подчеркнуть место лошади в кочевую-героическую эпоху и проведение научного анализа всем боевым коням в четырех вариантах эпоса “Манас”. Точнее, уточнение количества боевых коней, распределение их, проведение анализа отдельным особенностям в вариантах. Вариант Сагымбая Орозбакова сокращенно дан как СОВ, вариант Молдобасана Мусулманкулова - ММВ, вариант Багыша Сазанова - БСВ и вариант Шапака Рысмендеева - ШРВ.*

Ключевые слова: *кони, образы боевых коней, скакуны, батыры, аргамаки, лошадь.*

Summary: *In the folklore works of the nomadic people who ate and drank not getting down from horses, in order to gain fame like a real batyr and to justify the aspira-*

tions of the people thus implementing the popular idea, the main character needs to own two basic things. These things are his horse fitting the hero-batyr himself and the weapon of war. Our goal is to once again emphasize the place of the horse in the nomadic-heroic epoch and to conduct a scientific analysis of all the war horses in four versions of the epic "Manas". More precisely, we intend to specify the number of war horses, to classify them, to analyse individual features in the versions. The variant by Sagymbay Orozbakov is abbreviated as "СОВ" (Russian), the variant by Moldobasan Musulmankulov – as "ММВ" (Russian), the variant by Bagysh Sazanov – as "БСВ" (Russian) and the variant by Shapak Rysmendeev – as "ШРВ" (Russian).

***Keywords:** horses, images of warhorses, quarter horses, batyrs, argamaks, steed.*

Баатырдык доордо согуш же жай турмушта болсун ар кандай турмуштук кырдаалдарда ылайыктуу ат тандап минүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Себеби, баатырдын көздөгөн максатына жетүүсү үчүн анын минген атынын аткарган кызматы зор болуп, баатыр менен анын минген аты экөө биригип бир команданы түзгөн. Алар бири-бирине ар дайым тирек-жөлөк болгон. Мунун баары эпостордун тексттеринде образдуу көркөм чагылдырылган.

С.Орозбаковдун вариантында кездешкен ысымдары белгилүү болгон тулпарлардын саны 200гө жакын (188); М.Мусулманкуловдо 40тан ашык (41); Б.Сазановдо 20дан ашык (23); Ш.Рысмендеевде 30га чамалуу (30) түзөт.

Көчмөн элдердин жашоосунда белгилүү болгондой ат адамдардын ар түрдүү турмуштук кырдаалдарда ишти жеңилдете турган негизги жардамчы күчтүн милдетин аткарган. Аттар жер же жайыт которуп көчүүдө унаа, байгеге чапса байлык жана сыймык, согушта эң негизги согуштук курал, жесе эң чүйгүн тамагы, ичсе сүтү чаңкоону кандырган табигый суусундугу (кымыз) болуп келгени маалым. Демек, жылкы бул, кыргыздар үчүн – тамак-аш, транспорт, дары-дармек болуп, байлык, кадыр-барк, атак-даңк алып келген. Ушундайча аттардын кыргыз элинин жашоосунда аткарган функциясы көп тармактуу болгон жана бул «Манас» эпосунун тексттеринин сюжеттик окуяларында кенен чагылдырылган. Эпостордогу аттар жана алардын ээси болгон баатырлардын ортосундагы ажырагыс байланыш тууралуу, ошондой эле, тулпарлардын образдарына талдоо жүргүзүү менен ар кандай жиктерге бөлүштүрүп анализдеген бир нече илимий-изилдөөлөр белгилүү. Алардын бири Р.С. Липецтин "Образы батыра и его коня в тюрко-монгольском эпосе" деген эмгегинде якут олонхолорунан тартып, казактардын "Кобланды баатыр", алтайлардын "Көгүдей", "Маадай Кара", "Алпамыш", кара калпактардын "Кырк кыз", кыргыздардын "Манас" эпосторундагы тулпарлардын образдарынын кереметтүү байыркы формаларына илимий талдоо жүргүзүү менен төмөндөгүдөй жиктештирген: 1. Согушка мине турган аттар; 2. Эс алууга, сейилге чыкканда мине турган аттар; 3. Аң уулоого чыкканга ылайык атайын даярдалган аттар; 4. Жүк ташуучу аттар; 5. Күнүмдүк тиричилик үчүн мине турган аттар [1. 7]. Мына ушундай илимий изилдөө жана ой жүгүртүүнүн натыйжасында «Манас» эпосунун төрт вариантында кездешкен аттардын аткарган кызматтарына жараша жалпы каармандардын минген аттарынын ролун жана ордун негизинен жети чоң топко бөлүп карoo талдоого ыңгайлуу болот деген ойдобуз.

1. Негизги каармандардын согушка минген тулпарлары;
2. Күлүктөр;
3. Мифтик өзгөчө касиеттерге ээ тулпарлар;
4. Эпизоддук окуялардагы тулпарлар;
5. Ургачы тулпарлар;
6. Тулпарлардын сын-сыпатына карата жалпы аталыштары;
7. Тулпарлардын жаш өзгөчөлүгүнө карата жалпы аталыштары.

Бул жиктештирүүдө негизги каармандардын согушка минген тулпарлары менен күлүктөрдү шарттуу түрдө гана ажыратып бөлдүк. Себеби, кээ бир каармандардын күлүктөрү байгеге чабылып бирок, казатка минилген эмес. Ал эми тексттерде көрүнүп тургандай кээ бир баатырлардын казатка минген тулпарлары ошол эле маалда күлүк да болгон, аш-тойлордо байгеге чабылган, алдыңкы орундарга жетишип ээсине кадыр-барк алып келген. Бул тулпарларга Аккула, Алгара, Ачбуудан, Акборчук, Бозчолок, Карткүрөң, Каскара, Коёнбоз, Көгала, Көкказык, Көктеке, Көкчебич, Мааникер, Наркызыл, Сарала, Телкүрөң, Чабдар, Чалкуйрук, эгиз Кара ат ж.б. тулпарлар кирет. Булар бир эле мезгилде күлүк да, согуштагы ээсинин эң негизги тирөөчү, жардамчысы болгон баатыр аттар. Өзгөчө С.Орозбаковдун вариантында бул тулпарлардан тышкары да согушта минилгени белгисиз бирок жентек той, Көкөтөйдүн ашы, Байжигиттин тою ж.б. майда тойлордо чабышка түшүп байгеге жеткен күлүктөр да ондоп саналат. Мисалы, Акбакай, Акжамбаш, Акмоюн, Арчатору, Желкара, Карала, Карасур, Керкашка, Кылжейрен, Малкара, Тоотору, Чоңсары, Шалтору ж.б.

Көчмөн эл, өзгөчө жаратылыш менен тыгыз байланышта, ар дайым жайыт которуп, жер кыдырып, ат жалында жүргөн кыргыздар аттарга айрыкча маани берип, алардын туура жемин жеп, кандай чөп жегенине чейин көңүл буруп, күндө терин алып суутуп, убагы менен жем-суусун берип баласындай бапестеп баккан. Эгерде баатырдын аты жакшы каралбай же өз атын эмес, башка бирөөнүн атын, туура эмес ат тандап минип алса, ал сөзсүз түрдө кырсыкка учураган, жеңилүү ызасын тарткан. Буга «Манас» эпосундагы Чоң казатта Манастын Айбанбозду минип согушка чыкканы, Көкөтөйдүн ашында Аккуланы ат чабышка кошуп жиберип, эр сайышка чыккан Манастын кылдат ат тандап миниши сыяктуу сюжеттик окуялар күбө.

Эпосто адамдан да артык ойлонгон, кылт эткенди баамдап, түшүнүп ээсин ар кандай кыйынчылыктардан коргогон мифтик образдагы өзгөчө сапаттарга ээ тулпарлар кеңири кездешет. Аларга: канаттуу Алгара, Шыпшайдардын канаттуу аты Буурул байтал, «Булуттуу көктүн астынан, Буралган шибер үстүнөн» зымырап учкан Мааникер, адамча сүйлөгөн Чабдар, Кошойдун окуясындагы курсагына адам, жаныбар, шаар ж.б. баарын

батырган Чабдар, жер астында жети жыл жүрүп, ээсин жер үстүнө аман-эсен алып чыккан Чалкуйрук ж.б. тулпарларды атоого болот. Мындай тулпарлар сүйлөгөн, учкан ж.б. өзгөчө сапаттары менен башка тулпарлардан айырмаланып, ээсин ар кандай азап-тозоктон, кыйынчылыктардан куткарып алууга бар күчүн жумшаган. Ошондой эле, алдыда боло турган окуяны күн мурунтан сезип туюп, ээсине кабар бергени менен да бул аттар эпосто баатырлардын эң жакын досу, жолдошу экенин далилдей алат. Эпосттун тексттеринде жоонун келгенин кабарлаган кабарчы аттар да бар. Ал эми сүйлөгөн же опурталдуу бир окуянын болгонун билдирген аттарга мисалы, С.Орозбаковдун вариантында Нескаранын адамча сүйлөгөн аты, буга кошумча Молдобасандын вариантында жоо келгенин, жылкыны тийип кеткенин кабарлаган Коңурбайдын Тору айгыр жөнүндө:

Жол тосконго карматпай,
Шашкан бойдон барыптыр,
Карагайлуу коосунан,
Кайыптан туулган Тору айгыр,
Секирип өтүп оозунан,
Коңурбайдын тушуна,
Тору айгыр жетип барыптыр [2. 636]. – деген саптар айтылат. Тору айгыр айдалып бараткан жылкыдан бөлүнүп качып барып, Коңурбайга жоо келгенин кабарлайт. Жылкыга жоо тийгенин кабарлаган мындай акылдуу, кабарчы ат жаныбарынын образдары түрк элдеринин көпчүлүк фольклордук чыгармаларында кездешкен салттуу мотив. Казактардын "Кобланды батыр" эпосунда ар дайым ээсине жоонун келгенин, жылкыны айдап кеткенин кабарлаган Тарлан аттын акылдуу образы бар. Ал эки жолу өз ээсине качып барып жоо тийгенин билдирет.

Көбиктиниң Тарлан ат,
Жылкы ишинде жүр экен,
Жамандаткыр Тарлан ат,
Куйрыгын кустай тарады,
Киндигинен жарады,
Шекесинен карады,
Эуеге карап эсинеп,
Ием бе деп кисинеп,
Жау экенин билгесин,
Сыртына куйрык салады,
Кайта айналып шахарга,
Тарлан ат кашып барады – [3. 72].

Кабарчы жаныбарлар өзүнчө изилдөөнү талап кылган чоң темалардын бири.

Адамдын социалдык жашоо шартына жараша эпосттун тексттеринде бир эле каармандын эки же андан ашык тулпарлары болгону айтылат. Мисалы, Манастын жортуулдарда минген тулпары Аккула, жай турмушта же узун жолдордо алмаштырып минген аттары Айбанбоз, Жармаңдай, Тоокара, Манастын Мекеге кетип бара жаткандагы минип чыккан аты Акборчук, Кыз Сайкал менен эр сайышка чыкканда минген аты Аксаргыл, жана көч учурунда минген аты Каракашка. Ушул сыяктуу эле Бакайдын казатка минген тулпарлары Коёнбоз, Уларбоз, жөнөкөй турмушта алмаштырып минген аттары Бозчолок же Көкчолок, Наркызыл, жорголору Бозжорго, Көкжорго, күлүктөрү Малтору, Салкызыл; Кошойдун казатта мингени Чоңсары, күлүгү Тоокара, жоргосу Бозжорго, Молдобасандын вариантында Керкулун деп айтылат; Ажыбайдын Карткүрөңүнөн башка да Аксур, Карала; Алмамбеттин казатка минген аты Сарала, Көкбайтал, Манаска келгенге чейин мингени Кылжейрен Молдобасан менен Шапактын вариантында Кылжээрде деп берилет.

Кыргыздар уучубуз куру калбасын деп тукумдун уланышына өзгөчө көңүл бөлүп, анын санына эмес сапатына акыл-эстүү, күч-кубаттуу, ден-соолугу чың, элдин керегине жараган уул-кыздардын чыгышына атайын кам көргөн. Ал үчүн атайын кыздын ата-тегин, жек-жаатын жети атасына чейин сураштырып, тектүү жердин кызына куда түшүп келишкен. Кыргыз эли өз урпагынын уланышына, келечегине кандай кам көрүп келсе, жашоо-турмушу менен тыгыз карым-катышта өмүр сүргөн аттардын үйүрүнө, айгырга сын көз караш менен карап, жылкынын күчтүү, күлүк, акылдуулугуна атайын көңүл буруп, асыл тукум деп асырап багып келишкен. Мындай асыл тукум тулпарларды өтө сыйлуу коногуна, куда түшүп барганда же дагы башка мисалы, жоонун ачуусун басуу сыяктуу чоң мамлекеттик саясый-социалдык турмуштук кырдаалдарда тартууга беришкен. Көчмөн элдин баатырдык, басып алуучулук оор согуштук жашоо шартында асыл тукум күлүктөр, тулпарлар эң башкы маанилүү маселени чечүүдө баасы ченемсиз белек болгон. Тартууга берилген тулпарлар хандын же бир уруу башчысынын минген аты туулган үйүрдөн же аны менен бир бээден туулган тулпарлар болушу мүмкүн. Тартууга кеткен тулпардын мындай тактап айтканда, хандын минген атына тете тулпардын тандалышынын мааниси чоң болгон. Берген тарап каршысындагыга болгон чексиз урмат-сыйын, бүткүл эл, хан баш болуп аны канчалык деңгээлде кадырлай турганын билдирген. Тартууга келген тулпарларга: Казкара – күлүк, Шакумдун Манаска кылган тартуусу (ММВ); Кара ат – атактуу күлүк, Лоошаңдын Манаска тартуусу (ММВ); Арчатору – Мааникердин бир тууганы, Көкөтөйдүн ашында Бокмурун Манаскка тартуу кылган (СОВ); Аккула, Ачкула, Карасур, Кызкара, Маралтору, Торуча, Сарала, – Манастын Алманбет жаңы келгенде анын астына тарткан тулпарлар (СОВ). Ошончо аттын ичинен Алманбет Сараланы тандап алат; Кылкара – Алгаранын бир тууганы, Коңурбайдын Манаска кылган тартуусу (СОВ, ШРВ); Маралтору – Мааникердин иниси, Түлкүгө кудалыкка барганда Манастын буйругу менен калың катары тартуу кылынган тулпарлардын ичиндеги күлүк (СОВ); Тайбуурул – Кыз Сайкалдын Манастын уулуна берген тартуусу (ММВ., БСВ., ШРВ); Булардын ичинде бир тууган тулпарлар: Аккула – Сарала, Мааникер – Арчатору, Алгара – Кылкара, ошондой эле, эр Үрбүнүн эгиз Кара аты, Көкчөнүн Көгала – Жармаңдай тулпарларын атоого болот. Жогоруда тартууга келген тулпарларда көрүнүп тургандай баары тең кандайдыр бир уруунун же элдин ортосундагы ынтымак, тынчтыкты орнотуу жана достошуу, куда болуу сыяктуу адамдык улуу мамиле-максатын аркалайт.

Кээде бир эле вариантта бир нече каармандын минген аттарынын ысымдары окшош болуп калган учурлар да кездешет. Мисалы, Сагынбайда Карагер – Кайгылдын жана Түлөөнүн аттары; Коржоңбоз – Санамар аярдын жана Көкчөкөздүн тулпарлары; Көкжорго – Бакайдын, Көккоёндун, Байжигиттин күлүктөрү; Куучабдар – Меңдибай, Шакум, кытай балбаны Шаадөңгөр, Бозжигит жана Айдардын минген аттары; Наркызыл – Бакайдын жана Түмөндүн аттары ж.б. мындай мисалдар ондоп саналат. Молдобасанда Каскара – Эдигенин жана Жайсаң байдын минген аттары; Боз жорго

– Чыйырды, Кошой, Каныкей, Ырчыуул, Борончунун аттары. Шапакта Кылжейрен – Алманбеттин кытайдан келе жаткандагы аты жана Мурадилдин тулпары ж.б. Кээде бир эле каармандын минген аты бир вариантта башкача экинчи вариантта башка ысым менен аталып калган учурлар да бар. Мисалы, Сагынбайда Чубактын тулпары Көктеке, ал эми Багышта Чубактын тулпары Көгала деп аталып, Көктеке болсо Молдобасан менен Багышта Сыргактын тулпары деп берилет. Сагынбайда Көкказык бирде Сыргактын бирде Серектин аты деп, ал эми, Багышта Серектин аты Көкчебич деп айтылышы сыяктуу айрым нюанстар учурайт.

Жылкы баласын жаш курагына жараша кулун, жабагы, тай, кунан (кунан байтал ургачысы), бышты анан барып бир асый, экинчи жылы эки асый деп саналып жүрүп отурары белгилүү. Кыргыздар келечекте баатырга жолдош боло турган атты кулун кезинде эле сынап билип, балага ыйгарып беришкен. Мисалы, Аккуланы Камбарбоздун үйүрүндөгү Кула бээ Манас төрөлгөн күнү туйт. Жаңы туулган кулунду колуна алган Жакып аны Манаска энчилейт. Тайбуурулду Кыз Сайкал кулун кезинде сынап көрүп Семетейге тартуу кылган.

Көчмөндөрдүн жашоосун атсыз элестетүүгө мүмкүн эмес. Жада калса баатырлар өлгөндө да алардын минген атын союп анын жер астындагы өмүрүндө да керек болот деген ишеним менен бирге көмүшкөнү кыргыз элинин жашоо турмушунун ар бир кыймыл-аракети ат жаныбары менен тыгыз ширелишкенин көрсөтөт. Кыргыздардын аттарга канчалык даражада чоң маани бергени алардын ар бир аттын физикалык турпаты, сын-сыпаты, кыял-жоругунан бери изилдеп, талдап, сындап ошого карата аттарды өз-өзүнчө түрлөргө бөлүп караганынан да билинет. Мисалы, аттардын сын-сыпатына жараша төмөндөгүдөй жалпы аталыштары менен айтылат: аргымак (күлүктүгү, чыдамдуулугу, сымбаттуулугу менен айырмаланган таза кандуу асыл тукум жылкы) мисалы [4. 123]:

Аргымак минип алкылдап,
Алтындан жабдык жаркылдап, (ММВ. 2017: 236-б.);

бартал ат (күчтүү, чыдамдуу, жүк көтөрүүчү ат) мисалы:

Барып турду көй баатыр,
Бартал атка кош артып. (СОВ. 1997, IV: 213-б.);

бедөө (чаалыкпас, чарчабас, чыдамдуу согуштук аттар) мисалы:

Бедөө минген бек келди, (ШРВ. 2013: 240-б.);

бурак ат (өлгөн адамдын жаназасын окуган молдого токулгасы менен тартуу кылынган ат. Же, өлгөн адам минип кете турган ат деген да түшүнүк бар) мисалы:

Жаназасын окутуп,…
Бурак атын токутуп, (БСВ. 2017: 580-б.);

буудан (чарчабас, чаалыкпас тулпар) мисалы:

Кас бууданды минишип,
Казак, кыргыз аскери
Кайкайлап жолго киришип, (СОВ. 1995, III: 65-б.);

жорго (бирдей ылдамдыкта чайпалып, теңселип өзгөчө жүрүшү, басыгы бар жылкынын бир түрү) мисалы:

Асаба туусу желпилдеп,
Ак жоргосу булкүлдөп, (ШРВ. 2013: 196-б.);

күлүк (катуу, тез, ылдам жүгүргөн, арышы кенен жылкы) мисалы:

Күлүктөн күлүк тандатып,
Жердин жүзүн чаңдатып, (ММВ. 2017: 719-б.);

тобурчак (физикалык турпаты чоң, көлөмдүү, күчтүү, чың, согушта минилген аттар) мисалы:

Жал-куйругу төгүлгөн,
Жаадай сыны көрүнгөн,
Кара байыр тобурчак,
Как соорусу бир кучак
Ат жетелеп алышып. (СОВ. 1995, II: 308-б.);

тулпар (мыкты, чаалыгып чарчабас, күлүк ат) мисалы:

Токсон тулпар жабуулап,
Астыма тартуу келсин де, (БСВ. 2017: 45-б.);

тууча (кысыр калган үч жаштагы бээ) мисалы:

Баары семиз туучаны
Берип кетти колуна. (СОВ. 2014, VI-VII: 150-б.);

чобур (асыл тукумдугу жок тукур жылкы) мисалы:

Торпокко жетпес чобурун,
Байгесине Көкөмдүн
Баары агытып обурун (СОВ. 2014, VIII-IX: 104-б.)

ж.б. Эпосто каса тулпар же каса буудан деген аталыш кездешет. Каса – жылкынын урук безы болуп, каса буудан же каса тулпар уругу таза, асыл тукум жылкы деген мааниде өзгөчө касиеттүү жылкы экенине басым жасалып айтылат. Мисалы:

Кас тулпар болду мингениң (СОВ. 1995, III: 285-б.).

Дүйнөлүк фольклор таанууда асыл тукум жылкылар жөнүндө О.Виттин «Конские породы Средней Азии» деген тарыхый эмгегин белгилөөгө болот [1. 9].

Ал эми жылкыларды өңү-түсүнө жараша да ажыратып, кээде өңүнө карата аты ошондой аталып келген. Мисалы: буурул, жээрде, кара, карала, кашка, көгала, кула, кызыл, сары, сарала, сур, сурала, сурча, тору, торала, чаар ж.б. Аттарды өңү-түсүнө жараша ажыратып кароо фольклор таануу илиминде колго алынып келген темалардын бири. Алсак, В.Б. Ковалевская «Конь и всадник» деген тарыхый-этнографиялык изилдөөсүндө аттарды өңү-түсүнө жараша классификациялап, ар бир түстүн маанисин ачып берүүгө аракет кылган [1. 8].

Жыйынтыктап айтканда, биз бул макалада жогорудагы «Манас» эпосунун төрт вариантында кездешкен аттардын санын тактап, жиктештирип, сын-сыпатына жараша түрлөрүнө жана көчмөн элдин жашоо шартындагы ордуна кыскача талдоо жүргүзүүгө аракет кылдык. Тулпарлар боюнча көптөгөн илимий эмгектер белгилүү, биздин ишибиз ошол изилдөөлөргө кошумча маалымат болот деген ойдобуз.

Адабияттар

1. *Орозобекова Ж.К. «Манас» эпосундагы тулпарлардын көркөм образы жана сыпаттоо ыкмалары. Канд., диссертация. – Б., 1994. – 150 б.*
2. *«Манас» Баатырдык эпос. М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Б., «Улуу тоолор», 2017. – 730 б.*
3. *Кобланды батыр. Казак эпосы. 4-китап. – Алматы, 1957. – 187 б.*
4. *Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. 1-Т. – Б.: «Аврасия пресс», 2015. – 800 б. 2-Т. – Б.: «Аврасия пресс», 2015. – 800 б.*
5. *«Манас» Баатырдык эпос. С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Б., I, II, III томдор 1995; IV том 1997; V, VI том 2006; VI-VII, VIII-IX томдор 2014.*
6. *"Манас" Баатырдык эпос. Б.Сазановдун варианты боюнча. – Б., 2017. – 630 б.*
7. *"Манас" Баатырдык эпос. Ш.Рысмендеевдин варианты боюнча. – Б., 2013. – 300 б.*